| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>КАРАКОЛЬСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XIV - сессиясынын № 192 ТОКТОМУ**

**24-апрель 2026-жыл Арал айылы**

**Махмудов Хакимге Каракол айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025-жылдын 19-мартындагы №59 токтому менен бекитилген "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобонун 2.2-пунктунун негизинде жана айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиянын сунушуна ылайык айылдык кеңештин кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын спорт тарыхында жаш балбандарды тарбиялап, эл аралык деңгээлге алып чыккан, көптөгөн Азия жана дүйнөлүк чемпиондордун машыктыруучу **Махмудов Хакимге** Каракол айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы ыйгарылсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XIV - сессиясынын № 193 ТОКТОМУ

24-апрель 2026-жыл Арал айылы

## Жергиликтүү жамааттарынын Уставын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 **«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын** 21-беренесине ылайык, жергиликтүү жамааттын ишин укуктук жөнгө салуу, жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусун камсыз кылуу максатында Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставы тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бул токтом Каракол айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
3. Каракол айылдык кеңешинин катчысы:

- ушул токтомду белгиленген тартипте каттоого алсын;
- токтомдун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
- Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин тиешелүү тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрагасы Э.Р. Тилекова

Талас районуна караштуу
Каракол айыл аймагынын
айылдык кеңешинин 2026-
жылдын 24-апрелиндеги № 193
токтомуна тиркеме

# Каракол айыл аймагынын жергиликтүү жамааттын УСТАВЫ

Биз, Каракол айыл аймагынын жергиликтүү жамааты, өз аймагыбызда жергиликтүү маанидеги маселелерди өз демилгебиз жана өз жоопкерчилигибиз менен чечүү укугубузду жана милдетибизди сезүү менен өзүбүздүн территориябыздагы жашаган жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жана башка жарандардын бузулбас биримдигин, ынтымагын, коомдук тартипти жана тынчтыкты курууну камсыз кылууну, айыл аймагыбызды/шаарыбызды өнүктүрүүнү максат кылып; жергиликтүү жамааттын ички жашоо-тиричилигинин негизги принциптерин жана эрежелерин күндөлүк турмушка киргизүүнү көздөп, ушул уставды кабыл алабыз.

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставы — жергиликтүү жамааттын жыйындарында (чогулуштарында) же курултайларында талкуунун жыйынтыгы боюнча айылдык кеңештин токтому менен бекитилген, жергиликтүү жамааттын жашоо-турмушун, мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин, жергиликтүү маанидеги маселелерди жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишин жөнгө салган негизги документ.

1.2. Устав Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү жамааттын ички жашоосунун негизги принциптерин, мүчөлөрүнүн укук-милдеттерин, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдөгү жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара мамилелерин, анын ичинде бюджеттик процесске катышуусун аныктайт.

1.3. Устав Каракол айыл аймагында бардык жеке жана юридикалык жактар үчүн аткарууга милдеттүү.

## 2. Негизги түшүнүктөр

**Жергиликтүү жамаат** - айыл аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандары.

**Жергиликтүү маанидеги маселелер** - жергиликтүү жамааттын жашоосуна тиешелүү маселелер.

**Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар** - мамлекеттик органдардан жергиликтүү өз алдынча башкарууга берилген айрым ыйгарым укуктар.

**Демилгелүү топтор** — жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү тарабынан түзүлгөн ыктыярдуу бирикмелер (элдик демилге, көйгөйдү чечүү, чогулуш/жыйындарды өткөрүү топтору).

7.1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу - жергиликтүү жамааттын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган өз кызыкчылыктарындагы жана өз жоопкерчилигиндеги өз алдынча ишмердүүлүгү Конституцияда белгиленген.

7.2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттар тарабынан өкүлчүлүктүү (жергиликтүү кеңештер) жана аткаруу органдары (айыл өкмөтү) аркылуу, ошондой эле жарандардын түздөн-түз катышуу жолу менен жүзөгө ашырылат.

7.3. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү ошондой эле өз демилгеси, өз каражаттарынын жана башка тараптардын каражаттарынын эсебинен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү аркылуу да жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашырышат.

## 8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары

8.1. Каракол айылдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары - жергиликтүү кеңештер, айыл өкмөтү өз ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, мыйзамдарынын, башка ченемдик укуктук актыларынын, ушул Уставдын негизинде жалпы калктын атынан ачык жана жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарында жүзөгө ашырышат, анын алдында жоопту болушат. Жергиликтүү, өз алдынча башкаруу органдары (айыл өкмөтү, жергиликтүү кеңеш) Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышууга конституциялык укуктарын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү боюнча мамлекеттик органдар менен тыгыз өз ара аракетте иштейт.

8.2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын жетекчилери, жергиликтүү кеңештин депутаттары мезгил-мезгили менен бирок жылына бир жолудан кем эмес жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн алдында отчет берип турушат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттин жана жергиликтүү жамааттын алдында жоопту.

8.3. Айыл өкмөтү маанилүү маселелер боюнча чечим кабыл алуунун алдында, жергиликтүү кеңештин кароосуна жалпы жамаатка тиешелүү чечимдердин долбоорлорун даярдап киргизүү үчүрүндө жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн пикирлерин жана сунуштарын сурап билүүгө, алар кабыл алынгандан кийин жамааттын мүчөлөрүн кабарландырууга милдеттүү.

8.4. Жергиликтүү кеңеш өзүнүн сессиясынын датасы жана күн тартиби жөнүндө алдын ала жарандарга маалымдоого, алардын сессияга, жыйындарга катышуусуна шарт түзүүгө, ошондой эле кабыл алынган чечимдер боюнча жергиликтүү жамаатты маалымдоого милдеттүү. Конституцияга жана мыйзамга каршы келген, улуттук коопсуздукка коркунуч келтирген аракеттерди жасоого укугу жок.

## 9. Жергиликтүү маанидеги маселелер

9.1. Жергиликтүү маанидеги маселелер – бул айыл аймагынын жашоо-турмушунун тутумунун иштешин жана өнүгүшүн уюштуруу, жергиликтүү жамааттын жашоо тиричилигин жана башка таламдарын канааттандырууну камсыз кылуу үчүн жергиликтүү жамааттын жана анын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына берилген маселелер.

9.2 Жергиликтүү жамааттар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик органдардын компетенциясына кирбеген жана КР мыйзамдарында карама-каршы келбеген шартта өздөрүнүн географиялык, салттык, этностук, чек-аралык жана

- демилгелүү топторду түзүү жана долбоорлорду иштеп чыгууга, айылдын муктаждыктарын изилдөөгө, инвестиция тартууга жана сунуштарды киргизүүгө катышуу;

- шайлоолордо жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштөөгө катышуу;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана мамлекеттик органдарга арыздар, даттануулар жана маалымат суроолору менен кайрылуу, мамлекеттик жана кызматтык сырлардан башка, маалымат алуу;

- коомдук иш-чараларга, айылдык жыйындарга, коомдук угуулардын, айылдык кеңештин сессияларына жана комиссиялардын отурумдарына катышуу;

- башка мүчөлөрдөн Уставды жана мыйзамдарды сактоосун талап кылуу, зарыл болсо укук коргоо органдарына кайрылуу;

- жергиликтүү бюджетти түзүүгө катышуу жана чыгымдар боюнча маалымат алуу;

- ыктыярдуу түрдө жергиликтүү жамааттан чыгуу;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана коомчулуктун Уставы менен белгиленген башка укуктарды жүзөгө ашыруу.

- жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктарын чектөөгө жол берилбейт жана чектөө соттук тартипте даттанылышы мүмкүн.

**6.2. Милдеттери:**

- Конституцияны, мыйзамдарды жана Уставды сактоо;
- башка мүчөлөрдүн укуктарын урматтоо;
- дискриминацияга жол бербөө;
- этникалык жана социалдык конфликттерди алдын алуу;
- жаратылышты жана муниципалдык менчикти коргоо;
- санитардык эрежелерди сактоо;
- жайыт, суу жана коомдук жайлар боюнча эрежелерди сактоо.
- мыйзамдын чегинде белгиленген салыктардын жана жыйымдардын баардык түрлөрүн кечиктирбей өз убагында төлөө;
- турмуш-тиричилик шартын жакшыртууга багытталган баардык коомдук пайдалуу жумуштарга (социалдык багыттагы обьектилерди, жолдорду, көпүрөлөрдү, оңдогон арыктарды, көчөлөрдү, санитария боюнча тазалоого, көрктөндүрүүгө, жашылдандырууга жана башка максаттарында уюштурулган ашарларга) катыша алат;
- калктуу конуштардагы жалпы колдонуудагы жерлерде жүргөндө тазалыкты сактоо;
- калктуу конуштарда мал кармоодо айдоолорду майкандоого, талаадагы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жыйналган түшүмүн керектөөдөн чыгаруу же жок кылуу, бак-дарактарга зыян келтирүүгө жол бербөөгө, санитардык, ветеринардык жоболорду сактоо;
- мал жайууда малды Кыргыз Республикасынын «Жайыттар жөнүндө» мыйзамына ылайык жайытка чыгарууга, же атайын мал жайууга ылайык жерлерге жайуу;
- ар бир улуттун намысын жана каада-салттарын урматтоого, улуттар аралык ынтымакты, биримдикти чыңдоо, ар бир улуттун маданиятын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтүү;
- уруксатсыз аңчылык кылууга жана балык уулоого, жаратылыштагы жапайы жаныбарларга, өсүмдүктөргө бүлгүн салууга жол бербөө;
- үй бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу зыйнаттарын жамааттар тарабынан кабыл алынган жобонун негизинде өткөрүү.

## 7. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу

7.1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу - жергиликтүү жамааттын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган өз кызыкчылыктарындагы жана өз жоопкерчилигиндеги өз алдынча ишмердүүлүгү Конституцияда белгиленген.

7.2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттар тарабынан өкүлчүлүктүү (жергиликтүү кеңештер) жана аткаруу органдары (айыл өкмөтү) аркылуу, ошондой эле жарандардын түздөн-түз катышуу жолу менен жүзөгө ашырылат.

7.3. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү ошондой эле өз демилгеси, өз каражаттарынын жана башка тараптардын каражаттарынын эсебинен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү аркылуу да жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашырышат.

## 8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары

8.1. Каракол айылдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары - жергиликтүү кеңештер, айыл өкмөтү өз ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, мыйзамдарынын, башка ченемдик укуктук актыларынын, ушул Уставдын негизинде жалпы калктын атынан ачык жана жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарында жүзөгө ашырышат, анын алдында жооптуу болушат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (айыл өкмөтү, жергиликтүү кеңеш) Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышууга конституциялык укуктарын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү боюнча мамлекеттик органдар менен тыгыз өз ара аракетте иштейт.

8.2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын жетекчилери, жергиликтүү кеңештин депутаттары мезгил-мезгили менен бирок жылына бир жолудан кем эмес жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн алдында отчет берип турушат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттин жана жергиликтүү жамааттын алдында жооптуу.

8.3. Айыл өкмөтү маанилүү маселелер боюнча чечим кабыл алуунун алдында, жергиликтүү кеңештин кароосуна жалпы жамаатка тиешелүү чечимдердин долбоорлорун даярдап киргизүү үчүрүндө жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн пикирлерин жана сунуштарын сурап билүүгө, алар кабыл алынгандан кийин жамааттын мүчөлөрүн кабарландырууга милдеттүү.

8.4. Жергиликтүү кеңеш өзүнүн сессиясынын датасы жана күн тартиби жөнүндө алдын ала жарандарга маалымдоого, алардын сессияга, жыйындарга катышуусуна шарт түзүүгө, ошондой эле кабыл алынган чечимдер боюнча жергиликтүү жамаатты маалымдоого милдетүү. Конституцияга жана мыйзамга каршы келген, улуттук коопсуздукка коркунуч келтирген аракеттерди жасоого укугу жок.

## 9. Жергиликтүү маанидеги маселелер

9.1. Жергиликтүү маанидеги маселелер – бул айыл аймагынын жашоо-турмушунун тутумунун иштешин жана өнүгүшүн уюштуруу, жергиликтүү жамааттын жашоо тиричилигин жана башка таламдарын канааттандырууну камсыз кылуу үчүн жергиликтүү жамааттын жана анын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына берилген маселелер.

9.2 Жергиликтүү жамааттар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик органдардын компетенциясына кирбеген жана КР мыйзамдарында карама-каршы келбеген шартта өздөрүнүн географиялык, салттык, этностук, чек-аралык жана

башка өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу жергиликтүү маанидеги кошумча маселелерди жергиликтүү жамааттын Уставында белгилөөгө укуктуу.

9.3. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттын өз ара мамилелеринин тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамы, башка ченемдик укуктук актылары, ошондой эле жергиликтүү жамааттын уставы менен белгиленет.

9.4. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн натыйжалары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү жамааттын жарандардын демилгеси боюнча өз алдынча түзүлгөн топтору тиешелүү аймактын жергиликтүү жамаатына отчет берет.

## 10. Жергиликтүү коомдук уюмдар

10.1. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү аймакты өнүктүрүү максатында ардагерлер, аксакалдар, аялдар жана жаштар башка коомдук уюмдарды түзүүгө укуктуу.

10.2. Бул уюмдардын уюштуруу формалары ушул Уставда же алардын ички жоболорунда аныкталат.

## 11. Жарандардын тикелей эрк билдирүү формалары

11.1. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү маанилүү жергиликтүү маселелер боюнча курултайларды, жыйындарды (чогулуштарды) жана коомдук угууларды өткөрүүгө укуктуу.

11.2. Жыйындардын жана курултайлардын кабыл алынган сунуштамалары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кароого жиберилет.

11.3. Жамааттын мүчөлөрү менен кеңири талкуулоону талап кылган жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн жергиликтүү коомчулук төмөнкү тикелей эрк билдирүү формаларын колдонууга укуктуу:

- жыйындар (чогулуштар);
- коомдук угуулар;

ушул Уставда каралган башка формалар.

11.4. Тикелей эрк билдирүүнүн формалары коомчулуктун ачык-айкындуулугун жана мүчөлөрдүн кеңири катышуусун камсыз кылууга багытталат.

11.5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аймактын жашоо тиричилигин уюштуруу, социалдык-экономикалык пландаштыруу жана калкка кызмат көрсөтүү үчүн жергиликтүү маанидеги маселелерди чечет (КР "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкару жөнүндө" Мыйзамы, (27-берене).

11.6. Мамлекеттик органдардын ыйгарым укугуна кирбеген жана мыйзамдарга каршы келбеген, жергиликтүү жамаат өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө (географиялык, салттык, этностук ж.б.) жараша кошумча маселелерди жергиликтүү жамааттын Уставында аныктоого укуктуу.

## 12. Жергиликтүү ченем чыгаруу (элдик) демилгеси

12.1. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча токтом долбоорун демилгелөө укугуна ээ. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү тарабынан ченем чыгаруу демилгеси тартибинде иштелип чыккан жана айылдык кеңешке киргизилген токтомдун долбоору милдеттүү түрдө демилгечилердин жана башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнүн катышуусунда каралууга жатат.

12.2. Чет элдиктер, эркиндигинен ажыратылган, мыйзамсыз аракетке жөндөмсүз жарандар демилгеге катыша албайт.

12.3. Элдик ченем жаратуу демилгени ишке ашырууга Кыргыз Республикасынын бардык аймагында - шаарда же айыл аймагында согуштук же өзгөчө кырдаалдар киргизилген шарттарда жол берилбейт.

12.4. Ченем жаратуу демилгеси иретинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келген жергиликтүү кеңештин токтомунун долбоорлору жергиликтүү кеңешке киргизилбейт.

## 13. Демилгелүү топтун иши

13.1. Жергиликтүү кеңештин токтомунун долбоорун демилгелөө жана киргизүү тууралуу сунуш менен чыккан жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү элдик демилгени ишке ашыруу үчүн курамы 7-11 адамдан турган демилгечи топту түзүшөт. Айыл аймагында жашап турган жана 18 жашка чыккан жергиликтүү жамааттын мүчөсү демилгечи топтун мүчөсү боло алат (Демилгечи топтун мүчөлөрүнүн саны жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ыктыяры менен белгиленет).

13.2. Демилгечи топ токтомдун долбоорун демилгелеген жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн керектүү санынын колу коюлгандыгын тастыктаган баракчаларды топтоп бүткөндөн кийин токтомдун долбоорун жергиликтүү кеңешке киргизет.

Эскертүү

Айыл аймагындагы калктын саны 14200 адамды түзгөндүктөн 600 адамдын колу коюлушу керек.,

13.3. Токтомдун долбоорун кароо тууралуу арызга төмөндөгүлөр кошо тиркелет:

- токтомдун долбоорун жергиликтүү кеңештин кароосуна киргизүү тууралуу чечим кабыл алынган демилгечи топтун жыйналышынын протоколу;
- токтомдун долбоорунун тексти, ошондой эле анын электрондук версиясы;
- маалымкат-негиздеме;
- жергиликтүү кеңештин мурда кабыл алынган токтомуна өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор киргизилген учурда салыштырма таблица;
- төмөндөгү маалыматтар (жергиликтүү жамааттын мүчөсүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган датасы, жашаган (туруктуу) жери, паспортунун сериясы жана номери, жергиликтүү кеңешке демилгечи топ даярдаган токтомдун долбоорун киргизүү үчүн коюлган колу) камтылган кол коюу барагы.

13.4. Элдик демилге иретинде жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү тарабынан киргизилген жергиликтүү кеңештин токтомунун долбоору жергиликтүү кеңеш тарабынан милдеттүү түрдө эң жакынкы өтө турган кезектүү (кезексиз) туруктуу комиссиянын жыйынында жана жергиликтүү кенештин сессиясында каралууга жатат. Аталган долбоорду жергиликтүү кенештин туруктуу комиссиясынын жыйынында жана сессиясында кароо демилгечи топтун мүчөлөрүнүн милдеттүү түрдө катышуусу менен жүргүзүлөт.

13.5. Жергиликтүү кеңеш мөөнөтүнөн мурда ишин токтоткон учурда жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү тарабынан киргизилген токтомдун долбоору өз күчүн сактап калат жана жаңы чакырылыштагы жергиликтүү кеңеш тарабынан каралууга жатат.

13.6. Элдик демилге укугун эркин ишке ашырууга күч колдонуу, коркутуу, бурмалоо же бөгөт коюу аракеттери мыйзам боюнча жоопкерчиликке тартылат.

## 14. Элдик жыйын (чогулушту)

14.1. Элдик жыйын (чогулуш) жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча жергиликтүү жамааттын пикирлерин эске алуу, айыл өкмөтүнүн башчысынын жана айылдык кеңештин депутаттарынын маалыматтарын угуу жана талкуулоо максатында өткөрүлөт.

14.2. Элдик жыйын (чогулуш) бир көчөнүн, кварталдын, кичи райондун же айылдын жашоочуларынын катышуусу менен өткөрүлөт жана анын жыйынтыгында сунуштар кабыл алынат.

14.3. Элдик жыйын (чогулуш) ачык-айкын өткөрүлөт. Түшкөн суроолорго жана сунуштарга мүмкүнчүлүккө жараша ошол жерде жооп берилет, жооп берүүгө мүмкүн болбогон учурда алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан 3 күндүн ичинде каралып, жыйынтыгы жазуу жүзүндө билдирилет.

14.4. Элдик жыйындарды (чогулуш) өткөрүүгө байланышкан чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жабылат.

## 15. Элдик жыйында (чогулуш) каралуучу маселелер

**15.1.** Элдик жыйында (чогулуш) төмөнкү маселелер каралат:

- жергиликтүү жамааттын уставынын долбоору жана ага өзгөртүүлөр;
- аймакты өнүктүрүү программалары жана пландары (СЭӨП ж.б.);
- айылдын, көчөнүн, кварталдын көйгөйлөрүн чечүү боюнча биргелешкен аракеттер;
- этностор аралык ынтымакты бекемдөө жана алдын алуу иштери;
- муниципалдык менчикти пайдалануу маселелери;
- коммуналдык кызматтар, мал баккан малчылардын кызмат көрсөтүүсүнүн жана айыл аймагындагы жерлерди жазгы айдап-себүүнүн, күзгү жыйноонун тарифтер боюнча сунуштар;
- “Каракол таза аймак” МИ мызмат көрсөтүүсүнүн тарифтери;
- Айыл аймагында колдонулуучу айыптар ;
- көрктөндүрүү, турак жай жана инфраструктура маселелери;
- курулуш, архитектура жана башкы план маселелери;
- элдик демилгелер;
- айыл өкмөтүнүн башчысынын жана айылдык кеңештин депутаттарынын отчеттору;
- административдик-аймактык өзгөрүүлөр боюнча маселелер;
- жергиликтүү жамааттын жашоосуна байланышкан башка маселелер.

## 16. Элдик жыйынды (чогулушту) өткөрүүнүн демилгеси жана мезгилдүүлүгү

16.1. Элдик жыйын (чогулуштар) айыл өкмөтүнүн башчысы, жергиликтүү кеңеш, депутаттар же жергиликтүү жамааттын демилгеси менен, бирок жылына эки жолудан кем эмес өткөрүлөт.

16.2. Кечиктирилгис маселелер боюнча чогулуштар шашылыш тартипте алдын ала кабарлоо менен чакырылышы мүмкүн.

16.3. Демилгелүү топтун минималдуу саны жергиликтүү жамаат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аныкталат.

16.4. Демилге жазуу жүзүндө айыл өкмөтүнүн башчысына же айылдык кеңештин торагасына берилет.

## 17. Элдик жыйынды (чогулушту) өткөрүү жөнүндө кайрылуу

17.1. Кайрылууда жыйынды (чогулушту) өткөрүүнүн негиздемеси, болжолдуу катышуучулардын саны, өткөрүлүүчү орду жана каралуучу маселелер

көрсөтүлөт.

17.2. Кайрылуу 14 күндүн ичинде каралат.

17.3. Кайрылуу мыйзам талаптарына туура келбеген учурда, же маселени башка жол менен чечүүгө мүмкүн болсо, чогулушту өткөрүүдөн баш тартылышы мүмкүн.

17.4. менен чечүүгө мүмкүн болсо, чогулушту өткөрүүдөн баш тартылышы мүмкүн.

17.5. Жыйынды (чогулуш) өткөрүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим сот тартибинде даттанылышы мүмкүн.

## 18. Элдик жыйынды (чогулушту) уюштуруу

18.1. Жыйынды (чогулушту) өткөрүү жөнүндө чечимде өткөрүлүүчү орду, датасы, убактысы жана күн тартиби көрсөтүлөт.

18.2. Жашоочуларга жыйын (чогулуш) боюнча маалымат кеминде 5 күн мурда маалымдалат.

18.3. Айыл өкмөтү жыйынды (чогулушту) уюштурууну, катышуучулардын эркин келүүсүн, протокол жүргүзүүнү жана жыйынтык документтерди даярдоону камсыз кылат.

## 19. Элдик жыйынды (чогулушту) өткөрүүнүн тартиби

19.1. Жыйында (чогулушта) төрага жана катчы шайланат, күн тартиби көпчүлүк добуш менен бекитилет.

19.2. Жыйында (чогулушта) баяндамалар угулат, суроолор жана сунуштар айтылат.

19.3. Чечимдер жана сунуштар ачык добуш берүү менен жөнөкөй көпчүлүк добуш аркылуу кабыл алынат.

19.4. Жыйындын (чогулуштун) жыйынтыктары протокол менен таризделип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлөт.

19.5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алынган сунуштар боюнча бир айдын ичинде калкка маалымат берүүгө милдеттүү.

19.6. Жыйындын (чогулуштун) укук ченемдүүлүгү катышуучулардын минималдуу саны менен аныкталат, ал жергиликтүү жамаат тарабынан белгиленет.

## 20. Коомдук угуулар

20.1. Коомдук угуулар - жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча калктын пикирин угуу, сунуштарды жана сын-пикирлерди алуу максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын демилгеси менен өткөрүлүүчү ачык талкуу.

20.2. Коомдук угуулар калктын талкууланып жаткан чечимге болгон мамилесин аныктоого, жарандардын суроо берүүсүнө, сунуш киргизүүсүнө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жакшыртууга багытталат.

20.3. Коомдук угуулар жергиликтүү жамааттын пикири өзгөчө мааниге ээ болгон маселелер боюнча өткөрүлөт.

20.4. Коомдук угуулар төмөнкү маселелер боюнча өткөрүлүшү мүмкүн:

- жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу;
- өнүктүрүү программаларынын жана пландарынын долбоорлору (СЭӨП, ж.б.);
- муниципалдык менчикти башкаруу;

- коммуналдык кызматтар, мал баккан малчылардын кызмат көрсөтүүсүнүн жана айыл аймагындагы жерлерди жазгы айдап-себүүнүн, күзгү жыйноонун тарифтер боюнча сунуштар;
- “Каракол таза аймак” МИ кызмат көрсөтүүсүнүн тарифтери;
- Айыл аймагында колдонулуучу айыптар ;
- коммуналдык кызматтарга тарифтерди бекитүү;
- жергиликтүү жамааттын жашоо-турмушуна байланышкан башка маселелер.

20.5. Коомдук угуулар, мүмкүн болушунча, бир гана маселе боюнча өткөрүлөт.

20.6. Коомдук угуулар жергиликтүү бюджет жана өнүктүрүү программалары боюнча милдеттүү түрдө, ал эми тарифтер жана башка маселелер боюнча зарылчылыкка жараша өткөрүлөт.

20.7. Коомдук угууларды уюштуруу жана өткөрүү шаардык мэрия, айыл өкмөтү тарабынан жүзөгө ашырылат жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланат.

20.8. Коомдук угуулар катышуучулардын минималдуу саны камсыз болгондо укук ченемдүү болуп саналат. Катышуучулардын саны жергиликтүү жамаат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аныкталат.

## 21. Коомдук угууларды өткөрүүнүн тартиби

21.1. Коомдук угуунун датасы, орду, убактысы жана талкууланууучу маселеси алдын ала аныкталып, калкка жарыяланат.

21.2. Талкууланууучу документтердин долбоорлору коомдук угууга чейин калкка маалымат жеткирилет.

21.3. Коомдук угууда алып баруучу жана катчы дайындалып, сунуштар жана пикирлер протоколго киргизилет.

21.4. Коомдук угунун жыйынтыгы протокол менен тариздемип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан эске алынат.

21.5. Айыл өкмөтү коомдук угунун жыйынтыктары жөнүндө 10 күндүн ичинде калкка маалымат берет.

## 22. Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусу

22.1. Жергиликтүү жамаат жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңеш менен өз ара аракеттенүү аркылуу катышууга укуктуу.

22.2. Жергиликтүү жамааттын катышуусу муктаждыктарды биргелешип иликтөө, талкуулоо жана артыкчылыктуу маселелерди аныктоо аркылуу жүзөгө ашырылат.

22.3. Муктаждыктарды биргелешип иликтөө калктын ой-пикирин эске алуу менен өнүктүрүү программаларын жана пландарын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга багытталат.

22.4. Жамааттын муктаждыктарын биргелешип иликтөө процессине төмөнкүлөр катыша алышат:

- жынысына, расасына, улутуна, тилине, туткан динине, кызматтык жана мүлктүк абалына коз карандысыз 18 жашка толгон жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү;
- мамлекеттик уюмдардын, ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмчөлөрүнүн, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, коомдук бирикмелердин ж.б. өкүлдөрү;

- жергиликтүү кеңештин депутаттары;
- шаардык мэриянын, айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлери.

## 23. Жергиликтүү жамааттын негизги принциптери:

- Жергиликтүү жамаат элдин биримдигин, ынтымагын, коомдук тартипти жана тынчтыкты сактоону, жашоо шартын жакшыртууну максат кылат.
- Аймакта жашаган элдин үрп-адаттын, салттын сактап, заман талабына ылайык өнүктүрөт.
- Ар бир жамаат мүчөсү коомдук жашоого активдүү катышууга, эрежелерди сактоого, жергиликтүү бийликке талап коюу менен бирге жардам берүү.
- Аймактын өнүгүшүнө салым кошуу — жамааттын толук кандуу жашоосунун негизги шарты.

## 23.2. Жергиликтүү жамаатты уюштуруунун жана активдештирүүнүн эрежелери:

- Жергиликтүү жамаат жарандардын демилгеси жана ыктыярдуулугу менен төмөндөн жогору карай (үй, көчө, кварталдан айыл же шаарга чейин) түзүлөт. Катышуу таанышуу жана маалымат алмашуудан башталып, талкууга, андан кийин биргелешкен ишке өтөт.
- Биринчи этапта жашоочулар чогулуп таанышып, аймактагы көйгөйлөрдү аныкташат жана аларды чечүүгө даяр активдүү жарандар тандалат.
- Жергиликтүү жамааттын мүчөсү – шарттарды жакшыртуу үчүн бийликке гана талап коюу эмес, жамааттын ишине өз алдынча активдүү катышууну да талап кылат.
- Демилгечи жана активдүү жарандар жолугуп, тажрыйбалуу башка жамааттар менен таанышып, алардын ишин үйрөнүшөт.
- Бардык катышуучулар менен бирге эмгек акциясы (тазалоо, көрктөндүрүү, оңдоо) өткөрүлөт.

## 23.3. Жергиликтүү жамааттын ички жашоо-тиричилигинин эрежелери:

- Уставда мыйзамда так аныкталбаган же ишке ашыруусу татаал болгон, ошондой эле жергиликтүү бийликтин түз компетенциясына кирбеген маселелерди чечүү тартиби белгилениши мүмкүн.

Ички эрежелерди бузган учурда төмөнкү жаза чаралары колдонулат:

- эскертүү;

- Эрежелердин бузулушун каттоо өндүрүү иштери жамааттын кичи кеңеши тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте жүргүзүлөт.

## 23.4. Калктуу конуштарда мал, ит, мышык жана канаттууларды кармоо эрежелери:

- Мал-жандыктарды жана канаттууларды кармоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана тиешелүү эрежелерге ылайык жүргүзүлөт.
- Ар бир кожолук малын, ит-мышыгын өз убагында каттоодон өткөрүп, ветеринардык кароодон жана эмдөөдөн өткөрүүгө милдеттүү.
- Мал ээлери малын айыл өкмөтү белгилеген жайыттарга, көрсөтүлгөн мөөнөттө гана жаюуга тийиш.

- Жаныбарларды көчөлөрдө, сейил бактарда, аянттарда жана эс алуу жайларында бош багууга тыюу салынат. Ит-мышык кожоюну менен жипке байланган абалда болушу керек.

- Кароосуз калган жаныбарлар зыян келтирсе, эскертүү берилет.

- Тыюу салынган жайыттарга мал жаюуга, белгиленген убакыттан кеч же эрте көчүүгө болбойт. Кароосуз мал убактылуу кармоочу жайга айдалат.

- Айылдарда малды көзөмөлдөө үчүн бада уюштурулат. Эгинге же жер тилкелерине зыян келтирилсе, мал ээси же бадачы мыйзам чегинде жоопкерчилик тартат.

## 23.5. Калктуу конуштардагы жалпы пайдалануудагы жерлердин эрежелери:

- Жалпы пайдалануудагы жерлер – бардык адамдар эркин пайдалана алган коомдук аймактар.
- Жолдор, көчөлөр, тротуарлар, парктар, скверлер, аянттар, таштанды жайлары, көп кабаттуу үйлөрдүн подъезддери, лифттер, чердак, подвал, үйдүн айланасы, көлмөлөр жана пляждар кирет.
- Бул жерлерди тазалоо жана сактоого жергиликтүү эл биргелешип жооп берет.
- Жалпы пайдалануудагы жерлердин чек-аралары так аныкталууга тийиш.
- Бул жерлерди жеке менчикке сатууга тыюу салынат.
- Убактылуу соода же тамак-аш жайларын коюуга уруксат берилиши мүмкүн.
- Жалпы пайдалануудагы жерлер өз багытына ылайык колдонулушу керек.

## 23.6. Калктуу конуштарда сугат суусун биргелешип пайдалануу эрежелери:

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары калкты сугат суусу менен камсыз кылууга милдеттүү.
- Суу пайдалануучулар болуп жарандар, уюмдар жана жеке жана юридикалык жактар эсептелет.
- Сугат суусу огородду, там арканы, эгинди жана малды сугаруу үчүн пайдаланылат.
- Айыл өкмөтү суу пайдалануучулар ассоциациясы (СПА) менен бирге сууну бөлүштүрөт, сугаруу убактысын жана кезектүүлүгүн бекитет жана көзөмөлдөйт.
- Сууну туура жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн мураб дайындалат.
- Сууну максатсыз же ысырап менен пайдалануу эрежени бузуу болуп эсептелет жана айып пул салынат. Бузуу жоюлбаса, суу пайдалануу укугу чектелет.
- Бул укук бузуулар үчүн айып пулдар тиешелүү мамлекеттик жана жергиликтүү органдар тарабынан салынат.

## 23.7. Калктуу конуштарда ичүүчү сууну биргелешип пайдалануу эрежелери:

- Ичүүчү сууну колдонуу "Ичүүчү суу жөнүндө" КР Мыйзамы менен жөнгө салынат.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары калкты таза ичүүчү суу менен камсыз кылууга милдеттүү.
- Ичүүчү суу менен камсыздоо айыл аймагында МИ тарабынан келишимдин негизинде жүргүзүлөт.
- Суу керектөөчүлөр ичүүчү суунун сапаты жана анын стандарттарга ылайыктыгы жөнүндө маалымат алууга укуктуу.

Абоненттер милдеттүү:

- суу эсептегичти (водомерди) орнотууга, сактоого жана тонуудан коргоого;

- керектелген суу үчүн эсептегичтин көрсөткүчү боюнча өз убагында акы төлөөгө.

- Суунун сапаты кооптуу болсо, тиешелүү кызматтар калкты дароо кабардар кылууга тийиш.

- Бул укук бузуулар үчүн айып пулдар тиешелүү мамлекеттик жана жергиликтүү органдар тарабынан салынат.

## 23.8. Жергиликтүү жамааттын жалпы кызыкчылыгындагы иш-чараларга катышуу эрежелери:

- Жамааттык иш-чаралар жарандардын руханий, физикалык жана социалдык муктаждыктарын калыптандыруу, элди бириктирүү жана ынтымакты чыңдоо үчүн өткөрүлөт.

- Бул иш-чараларга ишембиликтер, эмгек акциялары, маданий (майрамдар, фестивалдар, концерттер, жарманкелер) жана спорттук иш-чаралар кирет.

- Иш-чаралар жамааттын сунуштарынын негизинде айыл өкмөтү/мэрия менен макулдашылып, алдын ала бир жылдык план боюнча уюштурулат. Зарыл болсо планга өзгөртүү киргизилет.

- Иш-чаралар жөнүндө маалымат (максаты, убактысы, орду ж.б.) уюштуруучулар тарабынан кулактандыруу, WhatsApp топтору жана башка жолдор менен жамаатка жеткирилет.

- Ишембиликтер жана эмгек акциялары – жалпы кызыкчылыктагы расмий иш-чаралар болуп саналат жана тазалоо, оңдоо, корктөндүрүү менен катар жамааттык жоопкерчиликти күчөтөт.

- Жамаат мүчөлөрү мындай иш-чараларга катышууга милдеттүү. Катышууга мүмкүн болбосо, үй-бүлө мүчөсүн жиберүү же акча/тамак-аш менен компенсациялоо мүмкүн.

## 23.9. Калктуу конуштарда коомдук тартипти сактоого катышуу эрежелери:

- Коомдук тартипти сактоо ички иштер органдары менен жамааттын биргелешкен аракеттери аркылуу жүргүзүлөт.

- Жергиликтүү жамааттар жергиликтүү бийлик менен бирге коомдук тартипти сактоого катышат.

- Ар бир калктуу конушта ыктыярдуу негизде 10–15 адамдан турган элдик дружиналар түзүлөт.

- Айылдык дружинаны каттайт жана ички иштер органдары менен бирге мүчөлөрүнүн укук-милдеттерин түшүндүрүп, күбөлүк жана айырмалоочу белги менен камсыз кылууга көмөк көрсөтөт.

- Элдик дружина патрулдук маршруттарды жана графикти түзөт: жайкысын – дем алыш күндөрү, чукул кырдаалда – күн сайын.

- Элдик дружина милиция жана аксакалдар соту менен тыгыз иштеп, коомдук коопсуздук боюнча маалымат алмашып турат.

## 23.10 Жергиликтүү жамаатта адеп-ахлакты, салт-санааны жана коомдук биримдикти бекемдөө эрежелери:

- Каада-салттарды жана үрп-адаттарды сактоо – жамаатта ынтымакты, тынчтыкты, адеп-ахлакты жана улуттук баалуулуктарды (меймандостук, боорукердик, мекенчилдик ж.б.) бекемдөө.

- Жаш муунду ыймандуулукка, адептүүлүккө, жоопкерчиликке, улууларды сыйлоого жана эл-журтка кызмат кылууга тарбиялоо.

- Саат 22:00дөн 07:00гө чейин турак жайларда, ага жакын аймактарда, коомдук жана социалдык мекемелерде ызы-чууну күчөтүүгө тыюу салынат.

- Жылына бир жолу "Айыл аймагынын күнү" өткөрүлүп, жетишкендиктер, жалпы жамаат мүчөлөрү менен белгиленет.

- Бул эрежелерди аткарбоо үчүн уставга ылайык жоопкерчилик каралат

**23.10.1.Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн эрежелери:**

- Жамаат баланын төрөлүшү, кыз узатуу, келин алуу, кудалашуу, конок күтүү жана белек берүү сыяктуу үй-бүлөлүк салтанаттарды улуттук салтка ылайык, заман талабына жараша өткөрүүнү колдойт.

- Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби жамаат мүчөлөрүнүн пикирлери жана мыйзамдарда көрсөтүлгөн эрежелер эске алынып, жыйындарда жана курултайларда жобо иштелип чыгып, бекитилет. Ысырапкорчулукка жана ашыкча мактанууга жол берилбейт.

- Мыйзамдарды жана Президенттин Жарлыктарын жетекчиликке алып, салтанаттын убактысы, орду, узактыгы, катышуучулардын саны, автоунаалар, союлуучу мал жана белектер боюнча так чектөөлөр жамаат тарабынан аныкталат.

**23.11. Маркумду акыркы сапарга узатуу жана эскерүү иш-чараларын өткөрүү эрежелери:**

23.11.1. Маркумду акыркы сапарга узатуу жана эскерүү иш-чаралары жамаат мүчөлөрүнүн пикирлери эске алынып, ашыкча шаандануга жана мактанууга жол бербөө максатында жыйындарда жана курултайларда жобо иштелип чыгып, бекитилет.

23.11.2. Маркумга байланышкан иш-чараларга сөөк коюу, кыркылык жана аш берүү кирет.

23.11.3. Мыйзамдарды жана Президенттин Жарлыктарын жетекчиликке алып, ысырапкорчулукка жол бербөө үчүн бул иш-чаралардын убактысы, орду, узактыгы, союлуучу малдын саны, белек жана тартуулардын түрү менен көлөмү боюнча так чектөөлөр жамаат тарабынан кабыл алынган жобонун негизинде аныкталат.

**23.12.Жергиликтүү жамаатта пикир келишпестиктерди жана чыр-чатактарды чечүү эрежелери:**

23.12.1. Жамаат өз аймагындагы жана ички жашоого байланышкан пикир келишпестиктерди жана чыр-чатактарды кароого укуктуу.

23.12.2. Чыр-чатактар ар кандай себептерден чыгышы мүмкүн жана алар терс да, оң (көйгөйдү чечүүгө жардам берген) мүнөздө да болот.

23.12.3. Эки же андан көп топтун ортосунда чыр чыкса, аны кароо үчүн калыс топ түзүлөт. Калыс топко жергиликтүү кеңеш, айыл өкмөтү/мэрия, аксакалдар соттору, ардагерлер, аялдар жана жаштар кеңештеринин өкүлдөрү кирет.

23.12.4. Калыс топ тараптарды кезеги менен угат, суроо-жооп уюштурат жана ачык талкуу жүргүзөт. Топтун мүчөлөрү пикирлерин билдирип, улуусунун жыйынтык чечими менен бүтүм чыгарат.

Эгер тараптар макул болбосо, жаңы калыс топ түзүлүп, маселе кайрадан ошол эле тартипте каралат.

**23.13. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана коомдук**

**түзүмдөрдүн отчетторун угуунун эрежелери:**

23.13.1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана эл тарабынан шайланган же түзүлгөн коомдук уюмдар мыйзамдарда жана жоболордо көрсөтүлгөн тартипте эл алдында отчет беришет.

23.13.2. Отчет угуу убактысы жамаат (кичи кеңеш) жана жергиликтүү бийлик тарабынан элдин пикири эске алынып, жарым жылда же жылына бир жолу белгиленет. Отчет берүү күнү жана убактысы алдын ала жетекчилерге жана элге кабарланат.

23.13.3. Отчетторго жамааттын бардык аймактарынан өкүлдөрдүн катышуусу камсыздалат жана суроо-жооп жана талкуу жүргүзүлөт. Жыйынтыгы боюнча «канааттандырарлык» же
«канааттандырарлык эмес» деген баа берилет.

**23.14. Жергиликтүү жамааттын башка жамааттар менен алака жүргүзүүсү:**

23.14.1. Жамаат коңшулаш же башка жергиликтүү жамааттар менен ынтымакта жашоо, кызматташтык, чарбалык жана башка маселелер боюнча алака түзө алат.

23.14.2. Ушул Уставга жана катышуучу жамааттардын уставдарына, ошондой эле жазуу жүзүндөгү же оозеки макулдашууларга ылайык жүргүзүлөт.

**24.15. Жергиликтүү жамааттын өнүктүрүү жана кайрымдуулук фонду**
**Фондду түзүү жана каржылоо:**

24.15.1. Жамааттын мүчөлөрү ыктыярдуу түрдө белгиленген өлчөмүндө өздөрүнө салык салып, фондго салым кошушат.

24.15.2. Бул маселе жамааттын чогулуштарында, квартал, көчө жана көп кабаттуу үйлөрдүн жыйналыштарында талкууланып чечилет.

**24.16.Кошумча салымдар:**

**24.16.1.** Фондго жамааттын мүчөлөрү гана эмес, башка жеке адамдар жана юридикалык жактар да салым кошо алышат.

**25. Каттоо:**

25.17.1.Фонд «Коомдук фонд» катары коммерциялык эмес уюм болуп, мамлекеттик каттоодон өтүп, мыйзамга ылайык иштейт.

**Фонддун каражаттарын колдонуу:**

25.17.2. Каражаттар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жана кайрымдуулук иштерине жумшалат.

**Долбоорлор ар түрдүү багытта болушу мүмкүн:**

25.17.3. Ишкерчилик (Бизнес-Инкубатор);

25.17.4. өнөр жана кесипке үйрөтүү;

25.17.5. адеп-ахлактык тарбиялоо.

**Долбоорлорду тандоо жана каржылоо:**

25.18. Конкурстук комиссия (абройлуу адистер жана жергиликтүү кеңештин депутаттары) долбоорлорду карайт.

25.19. Жактырган долбоорлор фонд тарабынан каржыланат.

## 26. Биргелешкен мониторинг жана баа берүү

**26.20.** Жергиликтүү жамааттын артыкчылыктуу маселелерин чечүүдө ачыктыкты жана айкындыкты камсыз кылуу максатында биргелешкен мониторинг жана баа берүү жүргүзүлөт.

**26.21.** Биргелешкен мониторинг жана баа берүүнүн максаттары:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине жана муниципалдык кызматтардын сапатына баа берүү;

26.21.1. социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларынын, долбоорлордун жана демилгелердин ишке ашырылышын көзөмөлдөө;

26.21.2. кызматтарды жана иш-аракеттерди жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

26.21.3. этностор аралык мамилелерге мониторинг жүргүзүү.

**26.22.** Биргелешкен мониторинг жана баа берүү үчүн жергиликтүү кеңеш жумушчу топторду түзүүгө укуктуу.

**26.23.** Жумушчу топтордун курамына жергиликтүү кеңештин депутаттары, демилгелүү топтордун өкүлдөрү, жарандык коом жана жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү кире алат. Курамы жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет.

**26.24.** Жумушчу топтор:

26.24.1. маалыматтарды жана документтерди талдоого;

26.24.2. сурамжылоолорду жүргүзүүгө;

26.24.3. долбоорлордун жана кызматтардын аткарылышына мониторинг жүргүзүүгө;

26.24.4. сунуштамаларды берүүгө укуктуу.

**26.25.** Биргелешкен мониторинг жана баа берүүнүн жыйынтыктары калкка жеткиликтүү түрдө жарыяланат жана талкуулоого чыгарылышы мүмкүн.

## 27. Муниципалдык менчик

27.26. Муниципалдык менчик - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында, пайдалануусунда, тескөөсүндө турган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кирешелерин алуучу булак катары кызмат кылуучу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иш-милдеттерин жүзөгө ашырууга зарыл жергиликтүү жамааттардын менчиги.

27.27. Жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылуу жолу менен муниципалдык менчикти башкарууга жана тескөөгө түздөн-түз катышат, бул кайрылуулар тийиштүү чараларды кабыл алуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан милдеттүү түрдө каралышы керек.

27.28. Муниципалдык менчикке кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк, акча каражаттары жана Кыргыз Республикасынын «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» мыйзамында каралган башка мүлктүк укуктар кирет.

27.29. Муниципалдык менчик объекттеринин реестри жүргүзүлөт жана ал жарандар үчүн жеткиликтүү болот.

## 28. *Жергиликтүү бюджет*

**28.30.** Жергиликтүү бюджет – жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет жана шаардык мэрия, айыл өкмөтү тарабынан аткарылат.

**28.31.** Жергиликтүү бюджет кирешелерден жана чыгашалардан турат жана Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык түзүлөт.

**28.32.** Жергиликтүү бюджеттин долбоору жана анын аткарылышы ачык каралат,

алар боюнча коомдук угуулар өткөрүлөт.

**28.33.** Бекитилген бюджет жана аткаруу боюнча отчет расмий түрдө жарыяланат.

## 29. Сыйлоо чаралары

29.34. Сыйлоо үчүн негиздер:

29.35. Уставдын талаптарын үлгүлүү аткаруу;

29.36. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө активдүү катышуу;

29.37. Жеке жана үй-бүлөлүк үлгүлүү жүрүм-турум;

29.38. Кайрымдуулук жана спонсорлук ишмердүүлүк;

29.39. Аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошуу;

29.40. Жамаатка кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга катышуу;

29.41. Сыйлоо түрлөрү:

- Алкыш жарыялоо;
- Баалуу белектер, акчалай сыйлыктар, грамоталар;
- **Ардактуу наамдар:**
- **"Мыкты үй-бүлө", "Үлгүлүү үй", "Үлгүлүү көчө", "Үлгүлүү айыл";**
- **"Айыл аймактын ардактуу атуулу";**
- **Ардак тактага илүү, Ардак китепчесине киргизүү;**
- **Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарына көрсөтүү.**

**29.42. Сыйлоо тартиби:**

Сыйлоого сунуштоо: жашоочулар чогулушу, аксакалдар соту, коомдук уюмдар, шаар/айылдык администрация, жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан.

**29.43. Жогорку наамдардын өзгөчөлүгү:**

- "айылдык аймактын ардактуу атуулу" – эң жогорку наам;
- Өнүгүүгө өзгөчө салым кошкондорго берилет.
- Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катышкан жарандарга моралдык жана материалдык сыйлоо чаралары колдонулушу мүмкүн.

29.44. Сыйлоо чараларын колдонуу тартиби шаардык мэриянын, айыл өкмөтүнүн жана айылдык кеңештин чечимдери менен аныкталат.

## 30. Уставды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

30.45. Кызмат адамдары Уставды бузган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

## 31. Уставды кабыл алуу жана өзгөртүү тартиби

31.46. Устав жыйындарда же курултайларда талкуулангандан кийин жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынат (өзгөртүлөт, толукталат) жана депутаттардын көпчүлүк добушу менен бекитилет. Уставга өзгөртүү жана толуктоолор жамааттын мүчөлөрүнүн же жергиликтүү кеңеш депутаттарынын кеминде үчтөн бири тарабынан демилгелениши мүмкүн.

31.47. Устав белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында милдеттүү түрдө каттоодон өтөт. Уставды бекитүү жөнүндө ченемдик укуктук акт расмий жарыялангандан кийин уставдын тексти менен бирге Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жөнөтүлөт.

**Каракол айылдык кеңешинин жооптуу катчысы К.Ибраимова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XIV - сессиясынын № 194 ТОКТОМУ

**24-апрель** **2026-жыл** **Арал айылы**

## Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин бюджеттик ссуда алууга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 57-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнө жана 67-беренесине ылайык, Каракол айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинде 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча кирешелердин толук түшпөй калышына байланыштуу түзүлгөн каржылык тартыштыкты жоюу жана подряддык уюмдар менен эсептешүүлөрдү өз убагында жүргүзүү максатында, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнө башка жергиликтүү бюджеттен кайтарымдуу жана мөөнөттүү негизде **4 700 000 (төрт миллион жети жүз миң) сом өлчөмүндө бюджеттик ссуда алууга макулдук берилсин.**
2. Бюджеттик ссуданы Шумкар-Уя айыл өкмөтүнөн алуу каралсын.
3. Алынган каражат төмөнкү максаттарга пайдаланылсын:
   - подряддык уюмдар менен келишимдик милдеттенмелер боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү;
   - аткарылган иштер үчүн карыздарды жабуу.
4. Алынган бюджеттик ссуда **2026-жылдын 31-декабрына чейин толук көлөмдө кайтарылсын.**
5. Айыл өкмөтүнүн башчысы:
   - бюджеттик ссуданы алуу боюнча тиешелүү келишимдерди түзсүн;
   - каражаттын максаттуу пайдаланылышын камсыз кылсын;
   - мыйзам талаптарына ылайык өз убагында кайтарууну камсыз кылсын.
6. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана раймий жарыялоо булактарында жарыялансын.
7. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

8. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет

9. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бюджет боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XIV - сессиясынын № 195 ТОКТОМУ**

**24-апрель 2026-жыл Арал айылы**

## Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин Каракол айыл аймагында кызмат көрсөтүү боюнча белгиленген наркты бекитүү жөнүндө

Каракол айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдарда кызмат көрсөтүүлөрдүн нарктарын жөнгө салуу максатында, ошондой эле 2026-жылдын 4-мартында Көпүрө-Базар айылында жана 2026-жылдын 24-мартында Арал, Үч-Эмчек айылдарында өткөрүлгөн элдик жыйындардын чечимдерин карап чыгып жана талкуулап, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдарда:
   - айыл чарба техникалары тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын нарктары;
   - мал багуучулардын мал багуу боюнча көрсөтүүчү кызматтарынын нарктары;
   - малчылардын алыскы жана жакынкы жайлоолорго көчүп-конуу графиги

   тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына жана “Каракол таза аймак” муниципалдык ишканасынын жетекчисине төмөнкү милдеттер жүктөлсүн:
   - бекитилген тарифтердин сакталышын камсыз кылуу;
   - малчылардын жайлоолорго көчүп-конуу графигинин сакталышын камсыз кылуу;
   - мыйзам бузуулар аныкталган учурда Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык өз убагында тиешелүү чараларды көрүү.
3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана раймий жарыялоо булактарында жарыялансын.
4. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз

4. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин тиешелүү тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **Э.Р. Тилекова**

**Каракол айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2026-жылдын 24-апрелиндеги № 195 токтому менен бекитилди.**

**Каракол айыл аймагынын Арал жана Үч-Эмчек айылдарынын тургундары менен өткөрүлгөн жыйында айыл тургундары тарабынан кызмат көрсөтүү боюнча сунушталган нарктар**

**Арал айылы**

**24-март 2026-жыл**

| № | **Кызмат көрсөтүүлөрдүн аталыштары** | **Өлчөм бирдиги** | **Кызмат көрсөтүүнүн наркы** | **Керектелүүчү күйүүчү майдын көлөмү** | Жеке менчик техникалардын наркы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жер айдоо | га | 1800-2000 сом | 25 л. | 2000 |
| | тегиздөө | га | 800 сом | 10л. | 1000 |
| | себүү | га | 800 сом | 10л. | 1000 |
| | Чым майдалоого | га | 1300 сом | 15л. | - |
| | Германка менен чөп чабуу | га | 1300 сом | 10л. | 1500 |
| | Косилка | га | 1000 сом | 10л. | - |
| | Шалбаа чөп чабуу | га | 1800 сом | 10л. | 2000 |
| | Тырмоо | га | 700 сом | 10л. | 800 |
| | Престөө | га | 15 сом жиби ичинде | 10л. | 15 сом жиби ичинде |
| | Шалбаа чөп тандыруу | га | 15 сом жиби ичинде | 10л. | 15 сом жиби ичинде |
| | Эгин чабуу | га | 1500 сом | 25л. | 2000 |
| | Чөп жана эгин ташуу келишим баада | | | | |
| | Экскoватордун кызмат көрсөтүүсү(жүктөө) | ГАЗ-53/КАМАЗ | 500/1000 сом | Майы ичинде | - |
| | Таш, кум, топурак жүктөө үчүн жүктөгүчтүн кызмат көрсөтүүсү | 1рейс КАМАЗ ГАЗ-53 автоунаалары үчүн | 600/800 сом | 6литр/4литр | - |
| | КАМАЗ автоунаасынын кум, таш, суунун кумун ташуу үчүн | 1рейс КАМАЗ автоунаасы үчүн | 1000 сом | 10 литр | - |
| | Ар кандай жумуштарга Грейдердин кызмат көрсөтүүсү | 1 саат | 2000 сом | 25 литр | - |
| | Чоң арык тартуу | метр | 3 сом | - | - |
| | Шак тартуу | га | 300 сом | 5 л. | - |
| | канaлка | 10 сотых | 500 сом | 3 л. | - |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Таза суу киргизүүгө каздыруу, ороо, ажатканананын ордун казуу | 1 пагоно/метр | 100сом/150сом | Майы ичинде | - |

**Эскертүү:** Трактордун прицеби айылда жамандык-жакшылык болгондо отун алууга берилет, керектелүүсү 20 литр күйүүчү майды айыл тургуну көтөрөт. Атайын белгиленбеген жерге уруксатсыз таштанды төккөн айыл тургундарына 10 000 (он мин) сом өлчөмүндө айып пул салынат. Чым майдалоо техникасы муктаждыгына жараша Үч-Эмчек айылына жиберилип турсун.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Таза суу төлөмдөрү | Түтүнгө/ айына | 100сом | | |
| | Мончо жаккандарга | айына | 500 сом | | |
| | Таштанды чыгаруу төлөмү | Түтүнгө/ айына | 80 сом | | |
| | Үлүш жерин сугаргандарга | Мураб акысы | 300 сом | | |
| | Жылкы | 1 баш | 800 сом | | |
| | Уй (бодо мал) | 1 баш | 800 сом | | |
| | Кой-эчки | 1 баш | 120 сом | | |
| | **ЖАЙЫТ салыгы** | | | | |
| | Бодо мал | 1 жылга мал башына | 100 сом | | |
| | Кой-эчки | 1 жылга мал башына | 30 сом | | |
| | Жакынкы жайытта багылган бодо малга | 1 жылга мал башына | 100 сом | | |
| | Топоз | 1 башына | 500 сом | | |

**Эскертүү:** Жакынкы жайлоого көчүү 1-майга чейин, ал эми алыскы жайлоого көчүү 10-июнга чейин. Жайлоодон 25-сентябрдан кийин көчүп келишсин. 1-октябрга чейин малы менен бөксө жайлоолордо болсун. 01.04.2026-жылдан 01.10.2026-жылга чейин жакынкы сарайлардын жайыттарына, элдин үлүш жерлерине, аңыздарга мал жайууга тыюу салынсын. Жакынкы сарайда калуучулар 2 баш уйдан ашык мал кармалбасын, андан тышкары эрте кочкорлорду бөлүп келип жайгандарга, ашыкча мал кармагандарга тыюу салынсын. Жайыттардын тардыгына байланыштуу сырттан мал алып келип баккандарга Укук бузуулар кодексинин 251, 252-беренелеринин негизинде айып пул салынат. Камалган малга Укук бузуулардын 124-статьясынын негизинде айып пул салынат. **Жогоруда эскертүүнү бузгандарга Укук бузуулар кодексинин негизинде административдик айып пул салынат жана келтирилген зыянды жер ээсине 100% төлөп берет.**

1. Камакка түшкөн малга: бир баш бодо малга, жылкыга 2000 сом, кой-эчкиге 100 сом өлчөмүндө кароолчуга төлөп беришсин.
2. Малчыга мал кошо турган жарандар (жылкы, уй, кой ээлери) малын дарылатып ветврачтан справка алып, малчыга өткөрүп беришсин.
3. Таза суу киргизүүгө тариф 1000 (мин) сом болсун.
4. Топоз баккандардын жайытына чек коюу, сырттан мал алып келип багууга чектөө киргизүү жана бул маселе боюнча иш алып баруу жагы айылдагы жеке вет.сервистерге, айыл өкмөтүнүн тиешелүү кызматкерлерине кеңештин чечими менен протоколдук тапшырма катары аткаруу жагы сунушталсын.

Элдик жыйындын чечимин бекитип берүү жагы айылдык кеңештин сессиясынан сунушталды.

Каракол айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2026-жылдын 24-апрелиндеги № 195 токтому менен бекитилди.

**Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылынын тургундары менен өткөрүлгөн жыйында айыл тургундары тарабынан кызмат көрсөтүү боюнча сунушталган нарктар**

| № | Кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Өлчөм бирдиги | Кызмат көрсөтүүнүн наркы | Керектелүүчү күйүүчү майдын көлөмү | Жеке менчик техникалардын наркы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жер айдоо | га | 2000 сом | 25 л<br>дын жер30 л | 2000 |
| | тегиздөө | га | 800 сом | 10 л | 800 |
| | себүү | га | 800 сом | 10 л | 800 |
| | чым майдалоого | га | 1000 сом | 15 л | - |
| | германка менен чөп чабуу | га | 1300 сом | 10 л | 1500 |
| | косилка | га | 1000 сом | 10 л | |
| | шалбаа чөп чабуу | га | 1500 сом | 10 л | 2000 |
| | тырмоо | га | 700 сом | 10 л | 800 |
| | престөө | га | 15 сом жиби ичинде | 10 л | 15 сом жиби ичинде |
| | Мала | га | | 10 л | 800 сом |
| | шалбаа чөп таңдыруу | га | 15 сом жиби ичинде | 10 л | 15 сом жиби ичинде |
| | эгин чабуу | га | 1500 сом | 25 л | 2000 |
| | Чөп жана эгин ташуу келишим баада | | | | |
| | Экскватордун кызмат көрсөтүүсү(жүктөө) | ГАЗ-53/КАМАЗ | 500 сом/700сом | Майы ичинде | - |
| | Чоң арык тартуу | метр | 3 сом | | - |
| | Шак тартуу | га | 300 сом | 5 л | - |
| | Капалка | 10 сотых | 500 | 3 л | - |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Таза суу киргизүүгө каздыруу, оро, ажатканананын ордун казуу | 1пагоно/метр | 100 сом<br>1500 | - | - |
| | Таза суу төлөмдөрү | Түтүнгө айына | 100 | | |
| | Мончо жаккандарга | айына | 500 сом | | |
| | Таштанды чыгаруу төлөмү | Түтүнгө айына | 80 сом | | |
| | Үлүш жерин сугаргандарга | мураб | 300 сом<br>Кароолчу 100 сом<br>Жалпы 1 га жер улүшкө 400 сом | | |

**Эскертүү**: Трактордун прицеби айылда жамандык болгондо отун алууга берилет, керектелүүсү 20 литр күйүүчу майды айыл тургуну көтөрөт. Атайын белгиленбеген жерге уруксатсыз таштанды төккөн айыл тургундарына 10000 (он мин) сом өлчөмүндө айып пул салынат.

**ЖАЙЫТ салыгы**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Жылкы | 1 баш | 100 сом | | |
| Уй (бодо мал) | 1 баш | 600 сом | | |
| Кой-эчки | 1 баш | 130 сом | | |

**Эскертүү:**Жакынкы жайлоого көчүү 1-майга чейин, ал эми алыскы жайлоого көчүү 10-июнга чейин. Жайлоодон 15-сентябрдан кийин көчүп келишсин 10-октябрга чейин малы менен бөксө жайлоолордо болсун. 01.04.2024-ж – 10.10.2024-жылга чейин жакынкы сарайлардын жайыттарына, элдин үлүш жерлерине, аңыздарга мал жаюууга тыюу салынсын. Жакынкы сарайда калуучулар 1 баш уй, 1 баш жылкы, 10 баш койдон ашык мал кармалбасын, андан тышкары эрте кочкорлорду бөлүп келип жайгандарга, ашыкча мал кармагандарга тыюу салынсын. Жайыттардын тардыгына байланыштуу сырттан мал алып келип баккандарга Укук бузуулар кодексинин 251-252-беренелеринин негизинде айып пулдар салынат. Камалган малга Укук бузуулар

124-статьянын негизинде айып пул салынат. **Жогорудагы эскертүүнү бузгандарга Укук бузуулар кодексинин негизинде административдик айып пул салынат жана келтирилген зыянды жер ээсине 100% төлөп берет.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

## Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XIV - сессиясынын № 196 ТОКТОМУ

**24-апрель 2026-жыл Арал айылы**

## Каракол айыл аймагындагы соода түйүндөрүндө спирт ичимдиктерин сатуу убактысын чектөө жөнүндө

Төрайымдын сунушу жана Талас райондук ички иштер бөлүмүнүн кайрылуу катынын негизинде Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. КР "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34 - беренесинин 12-пунктуна, ошондой эле коомдук тартипти сактоо жана алкоголдук продукциялардын жүгүртүлүшүн жөнгө салуу боюнча колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга ылайык Каракол айыл аймагындагы соода түйүндөрүндө спирт ичимдиктерин 22.00 дөн 07.00 чейин сатууга тыюу салынсын.
2. Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына төмөндөгү милдеттер жүктөлсүн :
   - спирт ичимдиктерин сатуу боюнча белгиленген убакыт режиминин сакталышын камсыз кылуу;
   - тиешелүү мамлекеттик органдар менен биргеликте түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
   - мыйзам бузуулар аныкталган учурда Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык чара көрүү.
3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана раймий жарыялоо булактарында жарыялансын.
4. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин тиешелүү тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **Э.Р. Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги**
**XIV - сессиясынын № 197ТОКТОМУ**

**24-апрель** **2026-жыл** **Арал айылы**

**Токтом долбоорун коомдук талкуулоо жана макулдашуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын **«Ченемдик укуктук актылар жөнүндө» Мыйзамынын** 22-беренесине ылайык, ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунун ачык-айкындуулугун камсыз кылуу, жарандардын пикирлерин эске алуу жана коомчулуктун катышуусун кеңейтүү максатында Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Каракол айылдык кеңешинин токтомдорунун долбоорлору коомдук талкуудан өткөрүү үчүн айыл аймагында орнотулган маалымат такталарына илинсин.

**2.** Бул токтом Каракол айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.

**3.** Каракол айылдык кеңешинин катчысы:

- ушул токтомду белгиленген тартипте каттоого алсын;
- токтомдун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтсүн.

**4.** Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**5.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин тиешелүү тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** Э.Р. Тилекова